**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**БОЛОТ МАМБЕТОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**БОЛОТА МАМБЕТОВА**

---

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин VIII чакырылышынын V сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 15-августу №73** **Төрт-Күл айылы**

**“Байбоосун” жергиликтүү маанидеги өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагын түзүү жөнүндө.**

---

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамдарына ылайык, кызыкдар тарап болгон «САМР Алатоо» коомдук фондусунун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы № 554 токтому менен бекитилген Микрокоруктарды жана жергиликтүү маанидеги өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүү жана алардын иштөө тартибинде белгиленген талаптарга ылайык берилген сунушун карап көрүп, талкуулап жергиликтүү кеңештин сессиясы **ТОКТОМ КЫЛАТ**:

1. Түзүлүп жаткан жергиликтүү маанидеги өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагынын 38 087 га жалпы аянтынын курамына кирген Болот Мамбетов айыл аймагынын жалпы аянты 3 034,92 га (жайыт) жеринде «Байбоосун» жергиликтүү маанидеги өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагын түзүү жөнүндө демилге жактырылсын.
2. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагынын коргоо режимин, уруксат берилген жана тыюу салынган ишмердүүлүк түрлөрүн аныктаган негизги жөнгө салуучу документ катары «Байбоосун» жергиликтүү маанидеги өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагы жөнүндө Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Бул токтомду ишке ашыруу үчүн «Байбоосун» жергиликтүү маанидеги өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагы боюнча документтердин пакети Микрокоруктарды жана жергиликтүү маанидеги өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүү жана алардын иштөө тартибинин 17-пунктуна ылайык Болот Мамбетов айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жиберилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин Жер жана агрардык маселелер, өнөр жай, курулуш, жол, ЖКХ элге кызмат көрсөтүү боюнча комиссиянын төрагасына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Жунушалиев**